*№ 4-5, 2026 Эл агартуу* **DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5**
*Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал*

*Данкеева Д. Дж., Асанова Г. Ж.,*
*КР Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту*

# ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИН САНАРИПТЕШТИРҮҮ: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР, ЧАКЫРЫКТАР ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ САКТОО МАСЕЛЕЛЕРИ

*Данкеева Д. Дж., Асанова Г. Дж.,*
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических кадров при Министерстве образования Кыргызской Республики*

# СОВРЕМЕННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ЦИФРОВИЗАЦИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО ПРОЦЕССА: НОВЫЕ ВОЗМОЖНОСТИ, ВЫЗОВЫ И СОХРАНЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В ДОШКОЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ

*Dankeeva D. J., Asanova G. J.,*
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Pedagogical Personnel under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# MODERN EDUCATIONAL TECHNOLOGIES AND DIGITALIZATION OF THE EDUCATIONAL PROCESS: NEW OPPORTUNITIES, CHALLENGES, AND THE PRESERVATION OF NATIONAL VALUES IN PRESCHOOL EDUCATION

**Аннотация:** Макалада мектепке чейинки билим берүү уюмдарында заманбап билим берүү технологияларын колдонуу жана окуу процессин санариптештирүүнүн теориялык жана практикалык маселелери комплекстүү түрдө каралат. Санариптештирүү бир жактуу техникалык кубулуш катары эмес, педагогикалык, маданий жана социалдык өзгөрүүлөрдү камтыган системалуу процесс катары негизделет. Дүйнөлүк тажрыйбанын (Финляндия, Сингапур, Япония, Түштүк Корея, Эстония) салыштырма анализи жүргүзүлүп, технологиянын натыйжалуулугу анын көлөмүндө эмес, педагогикалык максаттуулугунда жана методикалык коштоосунда экени көрсөтүлөт. Кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын санариптик билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоонун механизмдери сунушталат. Изилдөөнүн жыйынтыктары тарбиячылардын квалификациясын жогорулатуу курстарында жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда колдонула алат. Макала мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдоруна жана студенттерине арналат.
***Түйүндүү сөздөр:*** *мектепке чейинки билим берүү, санариптештирүү, билим берүү технологиялары, инновация, санариптик компетенттүүлүк, интерактивдүү окутуу, улуттук баалуулуктар, баланын өнүгүүсү, педагогикалык кадрлар.*
**Аннотация:** В статье комплексно исследуются теоретические и практические вопросы применения современных образовательных технологий и цифровизации учебного процесса в дошкольных образовательных организациях. Цифровизация рассматривается не как односторонний технический процесс, а как системное явление, объединяющее педагогические, культурные и социальные изменения. Проведён сравнительный анализ мирового опыта (Финляндия, Сингапур, Япония, Южная Корея, Эстония), показывающий, что эффективность технологий определяется не их объёмом, а педагогической целесообразностью и методическим сопровождением. Предложены механизмы интеграции ценностей кыргызской народной педагогики в цифровую образовательную среду. Результаты исследования могут быть использованы в программах повышения квалификации воспитателей и при разработке методических пособий. Статья адресована педагогам и студентам дошкольных образовательных учреждений.
*Ключевые слова: дошкольное образование, цифровизация, образовательные технологии, инновации, цифровая компетентность, интерактивное обучение, национальные ценности, развитие ребенка, педагогические кадры.*
**Annotation.** The article comprehensively examines the theoretical and practical issues of applying modern educational technologies and digitalizing the educational process in preschool educational organizations. Digitalization is treated not as a one-sided technical process but as a systemic phenomenon combining pedagogical, cultural, and social changes. A comparative analysis of international experience (Finland, Singapore, Japan, South Korea, Estonia) shows that the effectiveness of technology is determined not by its volume but by its pedagogical purposefulness and methodological support. Mechanisms for integrating the values of Kyrgyz folk pedagogy into the digital educational environment are proposed. The findings can be used in teacher professional-development programs and in developing methodological guides. The article is intended for educators and students of preschool educational institutions.
***Keywords:*** *preschool education, digitalization, educational technologies, innovation, digital competence, interactive learning, national values, child development, pedagogical personnel.*

*Киришүү.* Адамзат цивилизациясынын өнүгүү тарыхында билим берүү коомдун өнүгүшүн аныктаган негизги факторлордун бири болуп келген. Ар бир доор билим берүү системасына өзүнүн

талаптарын коюп, коомдук өзгөрүүлөргө ылайык жаңы мазмунду жана жаңы усулдарды талап кылган. Эгерде агрардык коомдо негизги баалуулук эмгек көндүмдөрү болсо, индустриалдык коомдо сабаттуулук жана кесиптик даярдык биринчи орунга чыккан. Ал эми XXI кылымда маалымат менен иштөө жөндөмү, чыгармачылык ой жүгүртүү жана технологиялык сабаттуулук негизги компетенциялардын катарына кирди.

Азыркы дүйнөдө маалыматтын көлөмү мурда болуп көрбөгөндөй тездик менен өсүүдө. Эл аралык изилдөөлөргө ылайык, акыркы жыйырма жыл ичинде адамзат тарабынан өндүрүлгөн маалыматтын көлөмү мурунку кылымдардын жалпы көлөмүнөн бир нече эсе ашып кетти. Мындай шартта билим берүү системасынын алдында жаңы милдеттер пайда болууда. Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелери жөн гана маалымат берүүчү борбор болбостон, инсанды өзгөрмөлүү дүйнөдө жашоого даярдоочу өнүгүү чөйрөсүнө айланууда.

Бул өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү тармагына дагы түздөн-түз таасир этүүдө. Себеби адамдын интеллектуалдык потенциалынын, социалдык көндүмдөрүнүн жана инсандык сапаттарынын негиздери дал ушул куракта калыптанат. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, адам мээсинин эң интенсивдүү өнүгүүсү жашоонун алгачкы жылдарында жүрөт. Ошондуктан мектепке чейинки билим берүү сапаттуу билим берүү системасынын негизи болуп эсептелет [6].

Бүгүнкү күндө бала мурдагы муундардан олуттуу айырмаланат. Ал төрөлгөн күндөн тартып эле санариптик чөйрөдө жашайт. Смартфондор, планшеттер, интерактивдүү экрандар жана интернет анын күнүмдүк жашоосунун бөлүгүнө айланган. Мындай балдарды изилдөөчүлөр «санариптик муун» деп атап келишет.

Бир караганда бул көрүнүш жөнөкөй сезилиши мүмкүн. Бирок анын артында билим берүү философиясынын олуттуу өзгөрүүсү жатат. Эгер мурда баланын маалыматка жетүүсү китептер жана чоңдор аркылуу ишке ашса, азыр дүйнөдөгү маалыматтын чоң бөлүгү бир нече секунддун ичинде жеткиликтүү болуп калды. Натыйжада балдардын маалыматты кабыл алуу формасы, кызыгуулары жана ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү дагы өзгөрүүдө. Ушундай шартта мектепке чейинки билим берүү уюмдары дагы өз ишмердүүлүгүн кайра карап чыгууга аргасыз болууда. Санариптик технологиялар окуу процессин кызыктуу, жеткиликтүү жана натыйжалуу уюштурууга жардам берүүдө. Ошол эле учурда аларды колдонуу баланын жаш өзгөчөлүктөрүн, психологиялык өнүгүүсүн жана улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүргүзүлүшү зарыл.

Азыркы учурда дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттери билим берүү системасын санариптештирүүнү стратегиялык багыт катары карап жатышат. Бирок өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, технологиянын өзү билим берүүнүн сапатын камсыздай албайт. Негизги фактор болуп педагогдун кесипкөйлүгү, билим берүү чөйрөсүнүн сапаты жана технологияларды максаттуу колдонуу эсептелет. Ошондуктан мектепке чейинки билим берүүнү санариптештирүү маселеси техникалык жаңылануу катары эмес, педагогикалык, маданий жана социалдык өзгөрүү катары каралышы керек. Бул макалада дал ушул комплекстүү мамиле негизги орунду ээлейт.

*Изилдөөнүн максаты* - мектепке чейинки билим берүүдө заманбап билим берүү технологияларын жана санариптик каражаттарды педагогикалык негиздүү колдонуунун теориялык негиздерин ачып берүү, дүйнөлүк тажрыйбанын негизинде натыйжалуу моделдерди иргөө жана аларды улуттук баалуулуктарды сактоо менен Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү тутумуна ылайыкташтыруунун илимий-методикалык сунуштарын иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү *милдеттер* коюлду:

- заманбап билим берүү технологиялары жана санариптештирүү түшүнүктөрүнүн илимий-теориялык маанисин талдоо;

- санариптик технологиялардын мектепке чейинки курактагы баланын когнитивдик, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктоо;

- мектепке чейинки билим берүүнү санариптештирүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасын салыштырма анализдөө жана Кыргызстан үчүн ылайыктуу элементтерди иргөө;

- кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын санариптик билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоонун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу;

- мектепке чейинки билим берүү уюмдарында санариптик технологияларды натыйжалуу колдонуу боюнча практикалык сунуштарды калыптандыруу.

*Изилдөөнүн объектиси* - мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы окуу-тарбия процесси, ал эми предмети - бул процессте заманбап билим берүү технологияларын жана санариптик каражаттарды педагогикалык негиздүү колдонуунун өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы мектепке чейинки билим берүүнү санариптештирүүнү бир жактуу технологиялык кубулуш катары эмес, өз ара байланышкан үч компоненттен - педагогикалык, маданий жана социалдык өзгөрүүлөрдөн турган системалуу комплекс катары караган концептуалдык модел сунушталганында турат. Мындан тышкары, кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын (улууну урматтоо, эмгекчилдик, мекенчилдик, адамгерчилик) санариптик окутуу каражаттарына интеграциялоонун конкреттүү механизмдери - анимациялык, мультимедиялык жана интерактивдүү форматтарда - биринчи жолу системалуу түрдө сунушталды.

Изилдөөнүн практикалык мааниси анда келтирилген сунуштардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарынын программаларын байытууда, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда, ошондой эле тиешелүү ченемдик-укуктук жана программалык документтерди модернизациялоодо колдонула алышында турат.

*Заманбап билим берүү технологияларынын теориялык негиздери.* Заманбап билим берүү технологияларынын негизги өзгөчөлүгү баланы билим берүү процессинин борборуна коюу болуп саналат. Салттуу билим берүү моделинде негизги ролду педагог аткарса, инновациялык технологияларда баланын өз алдынча аракеттенүүсүнө, изилдөө жүргүзүүсүнө жана чыгармачылык активдүүлүгүнө артыкчылык берилет. Бул мамиле баланы пассивдүү маалымат алуучудан активдүү таанып-билүү субъектисине айландырат. Азыркы учурда мектепке чейинки билим берүү уюмдарында төмөнкү технологиялар кеңири колдонулууда:

- оюн технологиялары - баланын негизги ишмердүүлүгү аркылуу окутуу жана тарбиялоо;
- долбоордук технологиялар - балдардын чыгармачылык жана изилдөөчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- интерактивдүү окутуу технологиялары - топтук иш-аракет жана диалогго негизделген окутуу ыкмалары;
- маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) - санариптик каражаттарды окуу процессине интеграциялоо;
- STEAM технологиялары - илим, технология, инженерия, искусство жана математиканы айкалыштырган мамиле;
- санариптик билим берүү платформалары - окутуунун санариптик чөйрөсүн уюштуруу;
- мультимедиалык технологиялар - аудио, видео жана интерактивдүү материалдарды колдонуу.

Бул технологиялардын ар бири баланын өнүгүүсүнүн белгилүү бир аспектилерин колдоого багытталган жана алар бири-бирин толуктап, комплекстүү педагогикалык чөйрөнү түзөт [7, 8].

Айрыкча оюн технологиялары мектепке чейинки билим берүүнүн өзөгүн түзөт. Белгилүү окумуштуу Л.С. Выготский оюнду баланын өнүгүүсүнүн негизги механизми катары караган. Анын «жакынкы өнүгүү зонасы» түшүнүгүнө ылайык, оюн аркылуу бала чоңдордун жардамы менен өзүнүн учурдагы мүмкүнчүлүгүнөн жогору турган деңгээлге жетишет [1, 132]. Чындыгында оюн баланын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүн камсыз кылуучу табигый ишмердүүлүк болуп саналат.

Заманбап технологиялар ушул оюн ишмердүүлүгүн жаңы мүмкүнчүлүктөр менен байытууда. Интерактивдүү такталар, санариптик оюндар жана мультимедиалык ресурстар балдардын кызыгуусун арттырып, билим алуу процессин эмоционалдык жактан жагымдуу кылууда. Бирок технологиянын өзү максат эмес экендигин унутпоо керек. Ал педагогикалык максаттарга жетүүнүн куралы катары гана колдонулууга тийиш.

*Санариптик трансформация жана билим берүүнүн жаңы философиясы. Санариптештирүү көпчүлүк учурда техникалык жабдууларды жаңылоо катары кабыл алынат. Бирок анын чыныгы мааниси мындан алда канча терең. Санариптештирүү - билим берүү процессинин бардык компоненттерин (мазмунун, методдорун, баалоо системасын, педагог менен баланын өз ара аракеттенүү форматын) жаңы технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык кайра уюштуруу болуп саналат.*

Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелери төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:

- баланын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- санариптик сабаттуулукту жаш курагына ылайык деңгээлде жогорулатуу;
- өмүр бою билим алууга даяр инсанды тарбиялоо.

Санариптик технологиялар ушул максаттарга жетүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Мисалы, интерактивдүү такталар, билим берүүчү мультимедиалык программалар жана виртуалдык экскурсиялар балдардын кызыгуусун арттырып, билимди жакшы өздөштүрүүгө жардам берет. Виртуалдык экскурсиялар аркылуу бала, мисалы, физикалык жактан барууга мүмкүн болбогон жерлерди (музейлерди, башка өлкөлөрдү, табият кубулуштарын) көрүп, дүйнө таанымын кеңейте алат.

Бирок технологиялар билим берүүнүн максаты эмес, каражаты экендигин унутпоо зарыл. Андан ары карай дүйнөлүк тажрыйбанын мисалында дагы бир жолу далилденет.

Дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрү мектепке чейинки билим берүү системасын санариптештирүүгө өзгөчө көңүл буруп, ар кандай педагогикалык моделдерди иштеп чыгышты [7, 10]. Бул моделдердин салыштырма анализи Кыргызстан үчүн кайсы элементтерди алып колдонуу мүмкүн экенин аныктоого жардам берет. Мисалы, Финляндиянын билим берүү системасы дүйнөдөгү эң натыйжалуу системалардын бири катары таанылган. Бул өлкөдө технологиялар баланын кызыгуусун арттыруучу жана изилдөөчүлүк жөндөмүн өнүктүрүүчү каражат катары колдонулат. Балдар даяр жоопторду жаттабастан, суроо берип, байкоо жүргүзүп жана өз алдынча жыйынтык чыгарууга үйрөнүшөт. Финляндиялык мектепке чейинки билим берүү моделинин негизги өзгөчөлүгү - баланын өз ыргагында өнүгүүсүнө басым жасоо, баа коюусуз баалоо системасы жана тарбиячынын жогорку кесипкөй эркиндиги. Ал эми Сингапурда билим берүү келечектин көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Мектепке чейинки курактан тартып балдарга көйгөйлөрдү чечүү, логикалык ой жүгүртүү жана чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүү боюнча тапшырмалар берилет. Бул системанын күчтүү тарабы - мамлекеттик деңгээлде иштелип чыккан бирдиктүү методикалык колдоо жана тарбиячылардын санариптик квалификациясын системалуу жогорулатуу механизми.

Ошондой эле Японияда технологиялар менен салттуу тарбиялоо усулдары айкалыштырылат. Балдардын табият менен түз байланышына жана өз алдынча аракеттенүүсүнө чоң маани берилет. Санариптик каражаттар чектелген, максатка багытталган түрдө колдонулат, ал эми негизги басым колдор менен иштөөгө, табигый материалдар менен ишмердүүлүккө жана коллективдик баалуулуктарды калыптандырууга жасалат. Андан ары, Түштүк кореяга келсек, бул өлкө технологияларды кеңири колдонгон мамлекеттердин бири. Бирок акыркы жылдары экран убактысын чектөө жана балдардын социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл буруу саясаты жүргүзүлүүдө. Бул тенденция технологияны чектен ашык колдонуунун терс натыйжаларын мамлекеттик деңгээлде таануунун жана аны жөнгө салуунун маанилүү мисалы болуп саналат. Мурдагы СССРдин тутумундагы Эстонияда мектепке чейинки куракта санариптик инфраструктураны системалуу жайылтып, бирдиктүү улуттук санариптик билим берүү платформасын түзгөн өлкөлөрдүн бири. Бул платформа тарбиячыларга методикалык колдоо көрсөтөт, ата-энелер менен байланышты жакшыртат жана балдардын өнүгүүсүн чагылдырган санариптик портфолио жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Бардык каралган өлкөлөрдө жалпы тенденция байкалат: санариптик технологиялар канчалык кеңири жайылтылса, ошончолук тарбиячылардын кесиптик даярдыгына, методикалык колдоого жана үй-бүлө менен өз ара аракеттенүүгө көңүл бурулат. Бул Кыргызстан үчүн негизги сабак болуп саналат - техникалык жабдууларды сатып алуу же платформаларды киргизүү жалгыз өзү жетиштүү эмес, аны коштогон педагогикалык-методикалык система зарыл.

*Санариптик доордогу баланын өнүгүү өзгөчөлүктөрү*. Азыркы балдар маалыматты кабыл алуунун жаңы формаларына көнүп калышкан. Алар визуалдык жана интерактивдүү материалдарды тез кабыл алып, көп тапшырмалуу (мультитаскинг) режимде иштей алышат. Бул өзгөчөлүктөр педагогикалык процессти куруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Бирок психологдор экран алдында ашыкча убакыт өткөрүү төмөнкү көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн экенин белгилешет:

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

- социалдык байланыштардын начарлашы - реалдуу баарлашуунун ордун санариптик иш-аракет ээлеп калышы;

- кыймыл активдүүлүгүнүн азайышы - баланын физикалык өнүгүүсүнө терс таасир этиши;

- көңүл топтоо жөндөмүнүн төмөндөшү - тез алмашып турган визуалдык стимулдарга көнүгүүдөн улам;

- эмоционалдык чарчоо жана уйкунун бузулушу - экрандын узак убакыт колдонулушунан улам.

Бул көйгөйлөр эл аралык изилдөөлөрдө жана тиешелүү уюштуруу-усулдук көрсөтмөлөрдө да белгиленет, аларда мектепке чейинки куракта экран убактысын жашка ылайык чектөө сунушталат. Ошондуктан мектепке чейинки билим берүүдө технологиялар менен кыймыл-аракетке негизделген оюндардын ортосунда тең салмактуулук сакталууга тийиш. Бул тең салмактуулук үч принципке негизделет: убакыт боюнча чектөө (жаш курагына ылайык узактык), мазмун боюнча тандоо (өнүктүрүүчү жана жашка ылайык контент) жана коштоо принциби (бала экран менен жалгыз калбай, чоң кишинин катышуусунда иштөө).

*Улуттук баалуулуктар жана санариптик билим берүү.* Ааламдашуу күч алган шартта улуттук баалуулуктарды сактоо маселеси өзгөчө мааниге ээ болуп калды. Санариптик чөйрөнүн чек арасыз мүнөзү балдарга дүйнөлүк маданий байлыкка жетүү мүмкүнчүлүгүн берди. Ушул эле учурда кыргыз элинин элдик педагогикасында улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, эмгекчилдик, адамгерчилик жана мекенчилдик сыяктуу баалуулуктар өзгөчө орунду ээлейт. Бул баалуулуктар муундан-муунга оозеки чыгармачылык, элдик оюндар, ырым-жырымдар жана үй-бүлөлүк тарбия аркылуу жеткирилип келген. Санариптик доордо өзгөрүү механизмдери жаңы формада, маани-маңызын сактап калуу менен улантуу зарыл.

Санариптик технологиялар бул баалуулуктарды жайылтуу үчүн дагы чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Мисалы:

- кыргыз эл жомокторунун анимациялык версияларын түзүү - салттуу мазмунду заманбап балдар үчүн жеткиликтүү жана кызыктуу форматта берүү;

- «Манас» эпосунун негизинде мектепке чейинки курактагы балдарга ылайыкталган мультимедиалык материалдарды иштеп чыгуу - улуттук эпикалык мурасты алгачкы курактан тааныштыруу;

- улуттук оюндарды («Ордо», «Тогуз коргоол» сыяктуу) санариптик окуу материалдарына интеграциялоо - логикалык ой жүгүртүүнү улуттук мазмунда өнүктүрүү;

- кыргыз тилиндеги билим берүү платформаларын жана тиркемелерин өнүктүрүү - тилдик чөйрөнү санариптик мейкиндикте сактоо жана өнүктүрүү;

- санариптик портфолио аркылуу баланын улуттук маданий сабаттуулугун да эске алуу - мисалы, элдик ырларды, макал-лакаптарды үйрөнүү динамикасын чагылдыруу.

Улуттук тамырынан ажырабаган, ошол эле учурда заманбап технологияларды эркин колдонгон муунду тарбиялоо бүгүнкү билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат [8, 2]. Бул милдетти ийгиликтүү аткаруу үчүн тарбиячылардын өзүлөрүнүн да, санариптик-маданий компетенттүүлүгүн бир эле мезгилде өнүктүрө жүрүүсү талап кылынат.

*Корутунду.* Жүргүзүлгөн изилдөө мектепке чейинки билим берүүдө заманбап билим берүү технологияларын жана санариптик каражаттарды колдонуу окуу-тарбия процессинин сапатын жогорулатууга олуттуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөрүн көрсөттү. Бул жыйынтык изилдөөнүн башында коюлган максатка жетишилгенин ырастайт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү негизги жыйынтыктар алынды:

- заманбап билим берүү технологиялары баланы билим берүү процессинин борборуна коюуну, анын өз алдынча аракеттенүүсүн жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү алдыга чыгарат;

- санариптик технологиялар балдардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, билим берүү процессин кызыктуу уюштурууга жана дүйнөлүк билим берүү ресурстарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга жардам берет;

- дүйнөлүк тажрыйба (Финляндия, Сингапур, Япония, Түштүк Корея, Эстония) технологиянын натыйжалуулугу анын көлөмүндө эмес, педагогикалык максаттуулугунда жана аны коштогон методикалык-кадрдык системада экенин көрсөтөт;

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

- санариптик каражаттарды чектен ашык колдонуу социалдык байланыштын начарлашы, кыймыл активдүүлүгүнүн азайышы жана көңүл топтоо жөндөмүнүн төмөндөшү сыяктуу терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн, ошондуктан санариптик жана кыймыл-аракетке негизделген ишмердүүлүктүн ортосунда тең салмактуулук сакталышы зарыл;

- кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын (улууну урматтоо, эмгекчилдик, мекенчилдик, адамгерчилик) санариптик чөйрөгө анимациялык, мультимедиялык жана интерактивдүү форматтар аркылуу интеграциялоо үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр бар;

- Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү тутумунда санариптештирүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн педагогикалык кадрлардын санариптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу, улуттук мазмундагы санариптик ресурстарды иштеп чыгуу жана тиешелүү уюштуруучулук-укуктук негизди бекемдөө зарыл.

Мектепке чейинки билим берүүнүн келечеги инновациялар менен улуттук салттарды айкалыштыра алган педагогикалык моделди түзүүдө жатат. Мындай шартта гана санариптештирүү баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө кызмат кылган натыйжалуу инструментке айлана алат. Бул макалада сунушталган теориялык негиздер, дүйнөлүк тажрыйбанын анализи жана практикалык сунуштар Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү тутумунда санариптештирүүнү ушундай - баланын кызыкчылыгына, улуттук баалуулуктарга жана педагогикалык негиздүүлүккө таянган - жол менен ишке ашыруу үчүн илимий-методикалык база катары кызмат кыла алат деп ишенебиз, ошондой эле иштелип чыккан методикалык сунуштардын практикада натыйжалуулугун өлчөөчү пилоттук долбоорлорду ишке ашыруу каралат.

***Адабияттар:***

1. Выготский Л.С. Педагогическая психология / Л.С.Выготский. – Москва: Просвещение, 2021. – 480 с.
2. Полат Е.С. Современные педагогические и информационные технологии в системе образования / Е.С.Полат. – Москва: Академия, 2022. – 368 с.
3. Белая К.Ю. Инновационная деятельность в дошкольном образовательном учреждении / К.Ю. Белая. – Москва: ТЦ Сфера, 2023. – 256 с.
4. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. – Бишкек, 2023.
5. Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. – Бишкек, 2024.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин санарип трансформация боюнча стратегиялык документтери
7. Мектепке чейинки билим берүү процессинде инновациялык педагогикалык жаңы технологиялар жана санартиптик мүмкүнчүлүктөр / Академиялык бирикмеде бекитилген программа. – 2025, 16-сентябрь. – №1
8. Данкеева. Д. Дж. Нарктуулук бала кезден башталат / Д. Дж.Данкеева // Кут Билим. – Бишкек, 07.10. 2022.